Математика жана информациялык технологиялар факультетинип АССТ кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*16-октябрь, 2020-жыл.*

*Төрага:* У.Д. Молдояров
*Катчы:* М. Токтосун кызы
*Катышкандар*: АССТ кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
1. Магистрдик диссертациялардын жана квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, темаларын бекитүү:
2. Студеттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшеруу иш) мониторигдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитуу;
3. ИЭТ, ИЗБИ багыттары боюнча “Негизги бил им беруу программаларьш” жана тиешелүү багыттар боюнча “Информациялык пакеттин” мазмунун талкуулоо жана бекитүү;
4. Ар турдүү маселелер.

**3 - маселе**

*Молдояров У.Д. (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* 2020-21- окуу жылында ИЭТ жана ИЗБИ багыттары жана магистратура боюнча негизги билим берүү программаларынын мазмуна 2020-жылдын 6-майда өткөзүлгөн иш берүүчүлөр менен биргеликте өткөзүлгөн жыйында иш берүүчүлүрдүн сунушу боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. Алардын сунушу боюнча өндүрүшкө байланышкан бир нече дисциплиналар элективдик курстун базалары жаңыланды. Мисалы. **710100 «Информатика жана эсептөө техникасы»** багыты магистратура программасы боюнча

| Блок | п/№ | Дисциплиналардын | Окуу планында пландаштырылган семестри | Окуу планында кредиттин колому |
|---|---|---|---|---|
| ПЦ | ВК | Программирование Web-ориентированных приложений | 3 | 3 |
| ПЦ | ВК | Архитектура высокопроизводительных вычислительных систем | 4 | 4 |

Ал эми **“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия”** багыты “Саламаттыкты сактоодогу информатика” профили

| Блок | п/№ | Дисциплиналардын | Окуу планында пландаштырылган семестри | Окуу планында кредиттин колому |
|---|---|---|---|---|
| ПЦ | ВК | Web программирование | 7 | 4 |

710200. «Информациялык системалар жана технологиялар» багыты “Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар" магистратура боюнча да өзгөртүүлөр

болду. Андан сырткары НББПнын мазмунуна 2020-жыл «Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы» деп жарыялангандыктан **710100 «Информатика жана эсептее техникасы»** багыты НББПнын мазмунуна тактап айтканда 2-максатка өзгөртүүлөр киргизилди:

**М2. "**Заманбап санарип технологияларын долбоорлоо, түзүү, башкаруу, эксплуатациялоо жана тейлөө чөйрөсүндөгү кесиптик маселелерди чечүүгө жөндөмдүү" деп окутуу натыйжасына толуктоолор киргизилди.

Ушул өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгын студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, иш берүүчүлөргө, ата-энелерге жеткирүүбүз зарыл.

*Р. Атырова (АССТ кафедрасынын улук окутуучусу):* НББПнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр боюнча, башкача айтканда, кошулган дисциплиналар боюнча аннотацияларды тиешелүү окутуучулардан алып, алардын үстүнөн иштеп жатабыз. 2020-жыл «Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы» деп жарыялангандыктан НББПнын максаттарыпда өзгөртүүлөр болду. Аларды да кайрадан иштеп жатабыз.

*Р.Р.Ойчуева (АССТ кафедрасынын окутуучусу):* Иш беруучулер тарабынан сунушталган дисциплиналар боюнча квалификацияны жогорулатуу боюнча иштерди жургузуп жатабыз. Андан сырткары ар бир багыт боюнча НББПда жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр боюнча студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, ата-энелерге жана иш берүүчүлөргө иш-чара уюштуруу аркылуу маалыматтарды жеткиребиз.

*М. Чамашев (АССТ кафедрасынын доценти):* ИЗБИ программасы IT багытка көбүрөөк басым жасалгандыгына байланыштуу НББПнын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилди. Бул өзгөртүүлөр боюнча студенттерге маалымат жеткиребиз.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ИЭТ жана ИЗБИ багыгтары боюнча негизги билим берүү программаларынын жана информациялык пакеттердин мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр туура жана так талапка ылайык даярдалсын жана аны даярдоо жагы программа жетекчилерине жүктөлсүн.
2. НББПга киргизилген өзгөртуулөрдү бекитип берүү жаңы факультеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.
3. ИЭТ жана ИЗБИ багыттары боюнча кураторлор НББП жана информациялык пакет боюнча кураторлук сабактарды өтүшсүн жана аны көзөмөлдөө жагы кафедра башчысы У. Молдояровго жүктөлсүн.

Кеңешменин терагасы: Молдояров У.Д.

Катчы: Токтосун кызы М.